| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 17-сессиясынын токтому**

2026-жылдын 28-майы № 162 Манас айылы

**Жер участогунун максаттуу багытын которуу тууурасында**

Чоң-Алыш айыл аймагынын Чат-Базар айылынын тургуну Баетов Абдулла Мухамбетовичке тийиштүү болгон Чат-Базар айылындагы К. Алапаев көчөсүнүн №2Б дарегинде жайгашкан (6-04-10-1002-0400) жер тилкесине турак жай багытынан соода-сатык коммерциялык багытына которуу тууурасындагы кайрылуусунун негизинде Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 12-13-24 - беренелерин жетекчиликке алып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезексиз 17-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын Чат-Базар айылынын тургуну Баетов Абдулла Мухамбетовичке тийиштүү болгон Чат-Базар айылындагы К.Алапаев №2Б (6-04-10-1002-0400) дарегинде жайгашкан 1000.0 чарчы метр жер тилкесинин 500 чарчы метр жер тилкесин турак жай куруу багытынан, соода-сатык багытына (автомойка) өзгөртүүгө уруксат берилсин.

2. Шаар куруу жана архитектура департаментинин Талас районунун шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгы тарабынан алынган юридикалык иш кагаздарынын жана бекитилген курулуш куруу документтеринин негизинде курулуштук нормаларды жана эрежелерди эске алуу менен жүргүзүлсүн.

3. Токтомду 30 күндүн ичинде мамлекеттик каттоодон өткөрүү жагы “Кадастр” мамлекеттик мекемесинин Талас райондук филиалы тарабынан суралсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын

**Торага** **Т.Бейшеналиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**ТАЛАС РАЙОНУ**<br>**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК**<br>**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**<br>**КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ЧОН-АЛЫШСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 17-сессиясынын токтому**

2026-жылдын 28-майы № 163 — Манас айылы

**А.Эшалиева бала бакчасынын эски имаратынан чыккан курулуш материалдарын сатуу боюнча**

Чоң-Алыш айыл аймагынын Чат-Базар айылындагы А.Эшалиева атындагы бала бакчасынын эски имаратынан чыгарылган курулуш материалдарын сатуу боюнча карап чыгып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX - чакырылышынын кезексиз 16-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын Чат-Базар айылындагы А.Эшалиева атындагы бала бакчасынын эски имаратынан чыгарылган курулуш материалдарын сатууга уруксат берилсин.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н. Касымовко жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы экономика бюджет, соода өнөр жай, инвестициялар жана ишмердүүлүктү колдоо боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** — **Т. Бейшеналиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**ТАЛАС РАЙОНУ**<br>**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЧОН-АЛЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 17-сессиясынын токтому**

2026-жылдын 28-майы № 164 Манас айылы

**Чоң-Алыш айыл аймагында жайгашкан көмок чордондоруна мамлекеттик акты алуу боюнча**

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-беренесинин 7-пунктун жетекчиликке алып. Чоң-Алыш айыл аймагында жайгашкан көмөк чордондоруна мамлекеттик акты (гос.акты) алуу боюнча талкуулап чыгып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX - чакырылышынын кезексиз 17-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагында жайгашкан көмөк чордондоруна мамлекеттик акты (гос. акты) алууга макулдук берилсин.

2. Тиешелүү иш кагаздарын берүү жагы Талас электр тармактар ишканасынан суралсын.

3. Токтом менен иш алып баруу жагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиктин Талас филиалына жүктөлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн башчысы Н. Касымовго жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Бейшеналиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 17-сессиясынын токтому**

2026-жылдын 28-майы № 165 — Манас айылы

**“Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы Гидрометеорология боюнча агенттигине жер участогун бекитип берүү боюнча”**

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Гидрометеорологиялык кызматынын 2026-жылдын 15-апрелиндеги кайрылуусунун жана Талас райондук мамлекеттик администрациясынын 2026-жылдын 20-апрелиндеги кайрылууларындагы Чоң-Алыш айыл аймагынын Чат-Базар айылынын №221-222 чөйрө сызыгындагы Арал дарыясынын суусунун өлчөмүн өлчөй турчу гидрологиялык пост ачуу боюнча кайрылууларды карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 24 – 69-беренелерин жетекчиликке алып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезексиз 17-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын Чат-Базар айылынын №221-чөйрө сызыгындагы 0,60 га, №222-чөйрө сызыгындагы 0,10га жалпы 0,70га жер тилкеси Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы Гидрометеорология боюнча агенттигине мөөнөтсүз (мөөнөтү көрсөтүлбөгөн) пайдаланууга берүүгө макулдук берилсин.
2. Чоң-Алыш айылдык кеңешинин 2026-жылдын 6-апрелиндеги кезексиз 15-сессиянын № 154 токтому күчүн жоготту деп табылсын.
3. Токтом каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Талас облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Тиешелүү иш кагаздарын берүү жагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиктин Талас филиалынан суралсын.
5. Курулуш жумуштары шаар куруу боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан алынган юридикалык иш кагаздарынын жана бекитилген курулуш куруу документтеринин негизинде курулуштук нормаларды жана эрежелерди эске алуу менен жүргүзүлсүн.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Касымовго жүктөлсүн.

**Төрага** — **Т.Бейшеналиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ЧОН-АЛЫШСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз**
**17-сессиясынын токтому**

2026-жылдын 28-майы № 166 Манас айылы

**Чоң-Алыш айыл аймагындагы бала бакчанын жетишсиздигин жоюу жөнүндө**

"Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесине ылайык, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34,39-беренелерин жетекчиликке алып, Чоң-Алыш айыл аймагындагы эң көйгөйлүү маселелердин бири болгон мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин жетишсиздигин чечүү максатында Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезексиз 17-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын Манас айылынын тургундары Батырбекова Рыскан Молдокуловнага тийиштүү болгон Манас айылындагы К. Кыдыралиев көчөсүнүн № 2 дарегинде (6-04-10-1001-1118) жана Бирисманов Максат Жолумбековичке тийиштүү болгон К.Кыдыралиев №4 дарегинде (6-04-10-1001-1120) жайгашкан 591,2 чарчы метр 250 орундуу бала бакчаны жана 0,60га (бак) жер тилкесин айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине өткөрүп алууга уруксат берилсин.

2. Чоң-Алыш айыл аймагынын Манас айылынын С.Токталиев көчөсүнүн №9в дарегинде (6041010011179) жайгашкан айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинде турган 180,77чарчы метр эки кабаттуу турак жайды 0,15га жер тилкеси менен Батырбекова Рыскан Молдокуловнанын жеке менчигине өткөрүп берүүгө уруксат берилсин.

3. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н. Касымовко жүктөлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы экономика бюджет, соода өнөр жай, инвестициялар жана ишмердүүлүктү колдоо боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Бейшепалиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 18-сессиясынын токтому**

2026-жылдын 29-июну № 167 Манас айылы

**Талас райондук өнүктүрүү фондуна долбоор откорууго макулдук берүү жонүндө**

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27- беренесине ылайык. Чоң-Алыш айыл аймагындагы өзгөчө кырдаалдар учурунда спец. техникаларга керектелүүчү күйүүчү жана майлоочу майлар менен камсыздоо максатында. Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезексиз 18-сессиясы **токтом кылат:**

1. Өзгөчө кырдаалдар учурунда Чоң-Алыш муниципалдык ишканасынын спец. техникаларын күчтөө, муниципалдык кызмат көрсөтүүнү жакшыртууга керектелүүчү күйүүчү жана майлоочу майлар менен камсыздоо максатында Талас райондук өнүктүрүү фондуна долбоор жазууга уруксат берилсин.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н. Касымовко жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы экономика бюджет, соода өнөр жай, инвестициялар жана ишмердүүлүктү колдоо боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Бейшеналиев**